2. Вопросы фортепианной педагогики. М.: Музыка, 1976.
3. О работе концертмейстера. М.: Музыка, 1974.

**Рецензент:** *Заслуженный деятель культуры КР, проф. Мааданбеков Э.М.*

**УДК 510.37.01**

***Смадиярова М. К., БайузаковаВ.***
*КГУим. И. Арабаева*
*Бишкек, Кыргызстан*
***M. K. Smadiyarova, V. Bayuzakova***
*I. Arabaev KSU*
*Bishkek, Kyrgyzstan*

## МАТЕМАТИКА САБАГЫНДА ИНТЕРАКТИВДҮҮ ОКУУТУНУН ЭЛЕМЕНТТЕРИН КОЛДОНУУ

## ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ЭЛЕМЕНТОВ ИНТЕРАКТИВНОГО ОБУЧЕНИЯ НА УРОКЕ МАТЕМАТИКИ

## USING ELEMENTS OF INTERACTIVE LEARNING IN THE LESSON OF MATHEMATICS

***Аннотация:*** *Макалада математика сабагын өтүүдө окутуунун түрлөрүн азыркы күндөгү замандын талабына ылайык колдонуу керектиги белгиленип,алардын бири интерактивдүү окутуунун математика сабагында маанилүүлүгү тууралуу маалымат берилди.*

***Негизги сөздөр:*** *интерактивдүү окутуу; окуучу; мугалим; билим берүү.*

***Аннотация:*** *В статье объясняется насколько важно проведение урока математики с использованиемэлементов интерактивного обучения.*

***Ключевые слова:*** *интерактивное обучение; ученик; учитель; образование.*

***Annotation:*** *The article describes how important it is to conduct a lesson in mathematics using elements of interactive learning.*

***Keywords:*** *interactive learning; student; teacher; education.*

Билим-тарбия берүүнүн сапатын өркүндөтүү, келечекте өз кесибинин мыкты адистерин, өлкөбүздүн өнүгүшүнө салым кошуучу атуулдарды тарбиялап өстүрүү бүгүнкү күндө республикабыздагы олуттуу маселелердин бири болуп эсептелинет.

Окуучунун мектептен алган билими андан аркы билим алуусуна өбөлгө түзүп , келечектеги ийгиликтерине түздөн-түз таасир этет. Ошону менен бирге мектептен алган билими окуучунун инсандык сапатын, окуу ишмердүүлүгүн калыптандырат.

Азыркы күндүн талабына ылайык «интерактивдүү окутуу» деген термин билим берүү тармагында кеңири колдонулуп келет. Ошондой эле бала бакчадан тартып, жогорку окуу жайларында да билим берүүдө окутуунун элементтери практикага көбүрөөк киргизилип жатат. Бул маселе боюнча республикабызда бир катар методикалык колдонмолор, көптөгөн макалалар, сабактардын иштелмелери жарык көрүүдө. Интерактивдүү окутуунун мынча популярдуу болуп жатышы эмне, себептен деген мыйзам ченемдүү суроолор да берилип келет [1].

***Ал эми интерактивдүү окутуу деген өзү эмне?***

Бир сөз менен айтканда, **интерактивдүү окутуу** – бул өз ара аракеттешүүгө, башкача айтканда, окуучу менен мугалимдин, окуучу менен окуучунун, бир топко бириккен окуучулардын, окуучулардын топторунун, окуучу менен компьютердин, окуучу менен түздөн-түз болбосо да, тексттин авторунун жана башка өз ара аркеттенүүшүсүнө негизделип уюштурулган окутуу. Демек, мында психологдор эксперимент жолу менен аныкташкан, адам укканынын 20 %нын, угуп жана көргөнүнүн 40%нын, өзү 20%нын , угуп жана көргөнүн 40% нын, өзү жасаганынын 80%нын, ал эми башкаларга үйрөткөнүнүн 95%нын өздөштүрөт. Формуладагы акыркы 2 көрсөткүчкө жетишүүгө ыңгайлуу жагдай түзүлөт. Чындыгында эле, интерактивдүү окутуунун шартында окуу тапшырмаларын өз алдынча аткарышат, билгендерин бири-бирине айтып беришет, ар бир ой-пикирди талкуулаганга аракеттенишет [2].

Ушул алынган маалыматтардын негизинде *традициялык* класс менен*интерактивдүү* класстардысалыштыралы.

**Традициялык жана интерактивдүү класстардын айырмачылыктары**

| | **Традициялык класс** | **Интерактивдүү класс** |
|---|---|---|
| **Окуучулар:**<br>1.Таанып билүү иш-аракети.<br>2. Өз ой-пикирин айта билүүсү.<br>3.Жаны билимдерди, билгичтиктерди өздөштүрүүнүн мүнөзү.<br>4. Башкалардын ой-пикирине карата мамилеси | 1. Адатта пассивдүү.<br>2. Ката кетирсем, терс баа алам,же тил угам деген коркунуч өкүм сүрөт.<br>3. Репродуктивдүү.<br>4. Башка пикирдегилерге адатта терс мамиле кылат | 1. Активүү.<br>2. Ката кетирүүгө, жанылууга укуктуулугун сезишет, өз ой-пикирин ачык айта алышат.<br>3. Продуктивдуу, чыгармачыл.<br>4. Ар бир адамдын ой-пикирин сыйлоо керек деп түшүнүшөт |
| **Мугалим:**<br>1. Окуупроцессиндегинегиз-гифункциясы.<br>2. Окуучуларга карата мами-леси | 1. Билимдин негизги булагы.<br>2. Мугалимдин айтканы айткандай болуш керек, ал жаңылбайт | 1. Багытоочу, кенешчи, колдоо көрсөтүүчү.<br>2. Мугалим балдарга өзүндөй эле адам катары мамиле кылат, мугалим дагы жанылышы мүмкүн дегенди моюнга алат |
| **Класстагы шарт, жагдай:**<br>1.Орундуктардын жайгашуусу.<br>2.Окуучулардын кыймыл аракети | 1. Окуучулар биринин желкесин бири карап олтурушат.<br>2. Окуучуларга ашыкча кыймыл жасаганга уруксат берилбейт | 1. Окуучулар чакантоптордо бет маңдай олтурушат.<br>2. Окуучуларга басып жүргөнгө,белгилүү чекте талаш-тартыш жүргүзгөнгө мүмкүнчүлүк берилет |

Бул таблицадан көрүнүп тургандай, интерактивдүү окутуу процессинде окуучуларда социалдык көндүмдөр да калыптанат: адамдар менен тил табышуу, башкалардын ой-пикирлерин уга жана сыйлай билүү, өзүнүн көз карашын башкаларга билдирүү, колективде иштей билүү, кызматташуу жана башка көндүмдөр [3].

Ошентсе да, интерактивдүү окутуунун кемчиликтери жок деп ырастоо акыйкаттыкка жатпайт. Бардык нерсенин эле «күңгөй-тескейи» болгон сыяктуу, интерактивдүү окутуунун да чабал жактары бар. Алардын катарына биринчи иретте төмөнкүлөрдү кошууга болот:

- программалык материалдын мазмунуна караганда окутуунун, уюштуруунун формаларына көбүрөөк көңүл бурулушу;
- убакыттынсалыштырмалуу көбүрөөк сарпталышы;
- өзүн эркин сезип,тайманбаган окуучулардын калгандарына үстөмдүк кылып кетиши;
- айрым окуу предметтеринин (айрыкча математика жана табигый илимдердин негиздерин) кээ бир материалдарын окуп үйрөнүүгө анча ылайык келбегендиги.

Демек, традициялык жана интерактивдүү окутууну оптималдуу айкалыштыруу маселеси бүгүнкү күндө билим берүүнүн практикасындагы эн актуалдуу маселе десек болот.

Себеби, жогоруда айтылгандай, традициялык окутуу аркылуу да, интерактивдүү окутуу аркылуу да жаш муундарыбызды болочоктогу, уламдан улам татаалданып бараткан, ушунчалык тездик менен өзгүрүп жаткан дүйнөнү кыйналбай жашап келүүгө даярдоодо өз-өзүнчө алып кароо мүмкүн эмес. Ошондуктан алардын алгылыктуу жактарын ширелиштирүү зарыл [4,5].

**Адабияттар:**


1. «Кут билим» газетасы. №4 (29). 2002.
2. Төрөгелдиева К. М. Орто мектепте математиканы окутуунун методикасы. Бишкек, 2006.
3. «Билим булагы» газетасы. №24, 25. 2006.
4. Математика. Жалпыбилимберүүчү ортомектептер үчүн программа. 5-10 класстар. Б., 2008.
5. Паламарчук В.Ф. Школа учит мыслить. М., 1997.


**Рецензент:** *канд. пед. наук, доц. Салиева Г.С.*

**УДК 377.112.4.**

***Турдубекова Г. Т.***
*КГУим. И.Арабаева*
*Бишкек, Кыргызстан*
***G.T. Turdubekova***
*I.Arabaev KSU*
*Bishkek, Kyrgyzstan*

# ЦЕРЕБРАЛДЫК ШАЛ ООРУЛУУ БАЛДАР ҮЧҮН ЛОГОПЕДИЯЛЫК ТҮЗӨТҮҮ ИШТЕРИН УЮШТУРУУ

# ОРГАНИЗАЦИЯ КОРРЕКЦИОННО-ЛОГОПЕДИЧЕСКОЙ РАБОТЫ С ДЕТЬМИ С ДЕТСКИМ ЦЕРЕБРАЛЬНЫМ ПАРАЛИЧОМ

# ORGANIZATION OF SPECIAL LOGOPEDIC WORK WITH CHILDREN WITH CEREBRAL PALSY

***Аннотация:*** *Бул макалада церебралдык шал оорусу бар балдарды өнүктүрүү жана ал балдарды коомго кошуудга логопедиялык түзотүү иштерин уюштуруу каралат. Иш алып баруудагы негизги багыттар каралат. Практикалык тажрыйбанын негизинде логопедиялык түзөтүү жумушун уюштуруу, ар бир баланын жаш курагына жана жекече өзгөчөлүгүнө жараша иш алып баруу сунушталган.*

***Негизги сөздөр:*** *балдардын церебралдык шал оорусу, логопедиялык-түзөтүү, кептин жалпы жетишпестиги, кептин системалдуу жетишпестиги;кептин өнүгүүсүнүн кечигүүсү.*

***Аннотация:*** *В данной статье рассмотрены проблемы развития и социализации детей с детским церебральным параличом. Выделены основные направления работы. На основе практического опыта автором предлагается организовать коррекционно-логопедическую работу в соответствии с возрастом ребенка и его индивидуальными потребностями.*

***Ключевые слова:*** *детский церебральный паралич; общее недоразвитие речи, системное недоразвитие речи, коррекционно-логопедическая работа.*

***Annotation:*** *This article describes the problems of development and socialization of children with cerebral palsy. Highlights the main areas of work. On the basis of practical experience, the author is invited to organize remedial logopedist work in accordance with the child's age and individual needs.*

***Key words:*** *cerebral palsy; delayed speech development; general hypoplasia of speech; systemspeech under development; correct-speech therapistwork.*